БАНК КОМПАНЬОН®

# Бакчага кам көрүү боюнча кеңештер



www.kompanion.kg

КРУБ №053 лицензиясы

# ЖЕМИШТҮҮ ДАРАКТАРДЫ БУТОО ЖАНА ЭМДӨӨ

## ЖЕМИШТҮҮ БАКТАРДЫ КАЙСЫ УБАКТА БУТОО КЕРЕК?

- Бактарды бутоо үчүн эң жакшы мезгил – эрте жаз. Анткени бул маалда бактар тынч абалда болуп, алардын ичинде шире жүрүү башталa элек.
- Сырттагы аба ырайы - 15°С төмөн түшүп кетүү коркунучу жок.
- Бактарды бутоону бүчүр байлап баштаганга чейин бүтүрүү туура болот.

Буга чейин бактарды бутоо жүргүзүлө элек болсо, биринчи жылы керек болгон жалпы бутактын 30% гана бутоо сунушталат (бактын бою боюнча текши).

## БУТООДОН КИЙИН КӨЧӨТТӨРДӨ ПАЙДА БОЛГОН ЖАРАЛАРДЫ ДАРЫЛОО ҮЧҮН

топурак, чопо, кыкты колдонууга болбойт. Анткени көчөттү бактерия, инфекция, вирус ж.б. коркунучтуу оорулар менен жуктуруп алуу коркунучу бар.


Бутоодон мурда жана кийин, ошондой эле эмдөөдөн кийин бакча куралдарын марганцовка же спирт эритмелери менен дезинфекциялоо абзел. Бул оорунун андан ары тароо коркунучун азайтат.

# БАК ОТУРГУЗУУ ЖАНА БАКЧАНЫ УЮШТУРУУ БОЮНЧА КЕҢЕШТЕР

Көчөттү сатып алуу үчүн жемиштүү бактардын чарбаларын тандоону сунуштайбыз. Бул сапатты жана сорттун районго туура келишине кепилдик берет.

Көчөттү сөзсүз жазында жана күзүндө отургузуу керек. Бул маалда көчөттөр тынч абалда болушат (бүчүр байлабай, өсүүнү токтотушат).


**Бакчаны уюштурууда бактардын арасындагы аралыкты жалпы участоктун чектерине жараша уюштуруу керек.**



## ЧУҢКУР КАЗУУ

Бактар үчүн чуңкур казып жатканда топуракты үстүңкү жана астыңкы кат кылып экиге бөлүшөт. Отургузуу учурунда үстүңкү кат менен тамырларды жаап, астыңкы катты үстүнө калтырышат.

Көчөттү отургузуу маалында тамырдын моюнчасы топурактын деңгээлинен 2-4 см өйдөрөөк болушу керек.



!

Бакчаңыз жыл бою түшүм алып келиши үчүн көчөттүн сортун жана чаңдаткыч өсүмдүктү тандоого көңүл буруу керек.

# МӨМӨЛҮҮ БАКТАРДЫ ЗЫЯНКЕЧТЕРДЕН КОРГОО

Коопсуз болгон коргонуу жолдорун сунуштайбыз.

## 1 Биохимиялык жолдор:

- Коргоочу өсүмдүктөрдү отургузуу;
- Бактарды актоо;
- Элдик тундурмалар: төө жалбырактын тундурмасы, сарымсактык тундурмасы.

## 2 Биологиялык жолдор:

Зыянкечтердин жаратылыштагы душмандары:

- Трихограмма ургаачысы;
- Златоглазка;
- Жөргөмүштөр;
- Грабропакон;
- Кудай курту.

## 3 Механикалык:

- Бакты эски кабынан тазалоо;
- Компостту кошуу менен жерди ороо (кышкы зыянкечтерди жоготуу үчүн);
- Оору жуккан жана бири бирине жакын өскөн көчөттөрдү алып салуу;

## КҮРӨШҮҮНҮН ЖОЛДОРУ:

Кургап калган жана оорулуу мөмөлөрдү дароо алып салуу жана жок кылуу. Алма бактары гүлдөгөндөн кийин дароо 1% бордос суюктугу менен дарылоо. Дарылоону ар бир 2-3 күндө 15 күн ичинде кайталоо керек.

# МӨМӨЛҮҮ ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ЧАҢДАШТЫРУУ

Жакшыраак түшүм алуу үчүн негизги сорттун ар бир 4-5 катарынын ортосунда чаңдаштыргыч сортундагы өсүмдүктү отургузууну сунуштайбыз.

Чаңдаштыргыч сортундагы өсүмдүк жана негизги өсүмдүк бир маалда гүлдөшү керек.

**Балчылар менен келишим түзүңүз же бакчанын ар бир гектарын 2-3 аарылар үй-бүлөсү менен камсыздаңыз.**


## КЕҢЕШТЕР

Каакым ж.б. өсүмдүктөр өзүнө курт-кумурскаларды азгырбашы үчүн гүлдөрдү чаңдашуу маалында отоо керек.

Мөмөдө шекердин концентрациясын түшүрбөө үчүн бактарды ченден ашып сугарбоону сунуштайбыз.

Суусу бар идишке чаңдаштырууну талап кылган бактардын бутактары менен чогуу башка бактардын гүлдөрүн коюуга болот.

# ЖЕМИШТҮҮ БАКТАРДЫН ГҮЛДӨП БҮТҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫ СУЮЛТУУ



Май-июнь айларында бактарда биринчи бүчүрлөр — келечектеги мөмөлөр пайда болот. Өрчүбөй же жабыркаланган бүчүрлөрдү алып салуу түшүмдү жакшыртууга жардам берет.

Бактар түшүм берүү үчүн болгон ресурсту колдонот. Ошондуктан жакшы түшүм алуу үчүн бактар гүлдөп бүткөндөн кийин аларды суюлтуу сунушталат.



**Суюлтуу** — гүлдөө сезонунун башында жыш өскөн мөмөлөрдүн санын механикалык азайтуу жолу.

## Суюлтуу маалы:

A — гүлдөп бүтүү аягы: аны жалпы жалбырактын санынын төрттөн үч бөлүгүнүн түшүүсүнөн билүү болот;
B — эң башкы мөмөнүн диаметри 12 мм жеткен маал;
C— июнь айындагы гүлдөп бүтүү убагы аяктагандан кийин чала өрчүгөн мөмөлөр кол менен же кайчы менен кесип алынып салынат;
D — августтун башында чала өрчүгөн же бузулуп кеткен мөмөлөр жок кылынат.

Сабагы өөрчүй элек мөмөлөр түшүм жыйноо убагы келгенге чейин өөрчүп жетишпейт. Ошон үчүн аларды жок кылуу керек.

## ! КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ


Бузулуп кеткен мөмөнү бактын астына таштабыңыз. Алар зыянкечтер үчүн азгырык болуп, жакшы мөмөлөргө оору жуктурбашы үчүн аларды компосттук чуңкурга алып барып салыңыз.

## ЖЕРТӨЛӨ КУРУУ

Жертөлө – жашылча жана жемиштерди көп убакытка чейин сактоочу жай. Анын бир нече түрү болот:

1-жер үстүндөгү жертөлө; 2-жартылай чөкмө жертөлө; 3-жер астындагы жертөлө.

Жертөлөнүн түрүн тандоо жер астындагы суунун деңгээлине жараша болот. Жертөлө жер астындагы суунун деңгээлинен 50 см. жогору болушу керек.




!

Жертөлөдө розетка орнотуу кооптуу жана тыюу салынган. Электр энергиясынын жабык булактарын колдонууга гана макулдук берилет.

## САКТОО ҮЧҮН СӨЗСҮЗ ТӨМӨНКУ ШАРТТАР КЕРЕК

1. - Жертөлөнү сапатту изоляциялоо.
2. - Сууну чыгаруу үчүн атайын каналдарды куруу.
3. - Ар бир сактоо бөлүктөрү үчүн өзүнчө желдетүү системасын орнотуу.
4. - Чогуу сактоого болбогон жер жермиштерди бөлүп, өзүнчө бөлмөдө сактоо.

## ТҮШҮМ ЖЫЙНОО

**1** Түшүм көбүрөөк убакыт сакталышы үчүн аны сырткы көрүнүшүнө зыян келтирбей, сабагы менен чогуу сактоо керек.

**2** Чогулган түшүмдү көлөкө жерге коюңуз.

**3** Түшүм жыйноодо сабактарды сындырбаңыз, анткени кийинки түшүмгө бүчүрлөр байланууда.

## ТҮШҮМДҮ ЖЕРТӨЛӨГӨ ЖЫЙНОО

Түшүмдү жертөлөгө жыйноодон мурун аны бир аз убакыт муздагыраак жерде сактаңыз. Бул кадам түшүмдү конденсат бербөөдөн жертөлөнүн температурасына даярдоого жардам берет. Түшүмдү жертөлөгө таңкы маалда жыйноо оң.



# ЖЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА ЖЕРСЕМИРТКИЧТИ КОЛДОНУУ

Жерди даярдоо үчүн арзан жана экологиялык таза компост дардоонун ыкмасын сунуштайбыз.

## КОМПОСТ ДАЯРДОО ЖОЛУ

1. Жерди тандаңыз.
   Сиз тандаган жер көлөкөдө жана жакшы дренаж системасы менен камсыздалган болушу керек.

2. Материалдарды даярдаңыз.
   Уй, жылкы, кой же тооктун кыгы керек болот.

   Жашыл таштандылар: тамак-аш калдыктары, чөп, бутактар жана жалбырактар.
   Күрөң калдыктар: саман, курган калган жалбырактар, кагаз, таарынды.

3. Өлчөмдү сактаңыз.
   1 бөлүк кык, 1 бөлук жашыл, 2 бөлүк күрөң калдыктар керек. Эт, май же оорулуу өсүмдүктөрдү аралаштырбаңыз.

4. Нымдаңыз.
   Даярдалган суюктук сыгылган губка сымал нымдуу болушу керек.

5. Аралаштырыңыз.
   Кычкылтектин келиши үчүн 1-2 жумада 1 жолу аралаштырып туруңуз.

6. Даяр болушун күтүңуз.
   Компост 4-6 айда даяр болот. Өңү карарып, убаланып жана жыты жок болгон учурда компост даяр.